| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**<br>**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**<br>**ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ОРОЗБЕКОВСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Орозбеков айылдык кенешинин VII чакырылышынын кезектеги он жетинчи сессиясы**

# ТОКТОМ № 122

Орозбеков айылы 2023-жылдын 28-апрели

**Күлду айылынын Кош-Дөбө участкасынан АРИС тарабынан “CASA-1000 ЖКК” долбоору аркылуу курулуучу мөмө –жемиш кургатуу борборуна 0,70 га жер аянтын жана KOICA уюму тарабынан “Берекелүү аймак” долбоору боюнча курулуучу логистикалык борборго 1,0 га жер аянтын ажыратуу жөнүндө**

Кун тартибиндеги маселе айылдык кенештин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда каралганын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын “Жер Кодексинин” 13- беренесинин 2022-жылдын 1-апрелиндеги № 22 Мыйзамынын жана 25-беренесинин 2007-жылдын 26-февралындагы №23 Мыйзамынын редакцияларына негиз, Орозбеков айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Күлду айылынын Кош-Дөбө участкасынан АРИС тарабынан “CASA- 1000 ЖКК” долбоору аркылуу курулуучу мөмө –жемиш кургатуу борборуна 0,70 га жер аянтын жайыт категориясынан өнөр жай категориясына которууга уруксат берилсин.

2. Күлду айылынын Кош-Дөбө участкасынан KOICA уюму тарабынан “Берекелүү аймак” долбоору боюнча курулуучу логистикалык борборго 1,0 га жер аянтын жайыт категориясынан өнөр жай категориясына которууга уруксат берилсин.

3. Жогорудагы жер аянттарына мыйзам чегинде иш кагаздарын даярдап, муниципалдык менчикке каттоо менен ижара аркылуу берүү жагы айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Орозбеков айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы:** **О.Ибрагимов**